**Саламатсыздарбы**

Бүгүн, Мен өзүмдүн кыскача баяндамам 2023-жылдын 6-айынын жыйынтыгы менен Ысык-Ата айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу баяндамакчымын.

2023-жылдын алты айынын ичинде аткарылган иштер боюнча кыскача токтоло кетсем:

1. **Бюджеттик киреше:**
   Жергиликтүү бюджеттин план-салык чогултуу **119,5%** ке аткарылды. Планга **3094,9** миң сом болсо, чогулганы **4927,0** миң сом чогултулду. Атап айтканда; короо-жай жер салыгы план **85,5** мин сом, аткарылышы **55,8** мин сом, аткарылганы **65,3 %**, айыл-чарба эмес жер салыгы план-**266,8** аткарылганы **310,9, 111,1%** түздү , мамлекеттик фондундагы айыл-чарба жерлеринин ижара салыгы планы **400** мин сом, фактысы **362,7** мин сом, аткарылганы **90,7%** түздү, унаа салыгы планга **483,4** миң сом, чогулганы **460,4** миң сом , аткарылганы **95,2 %** түздү, жайыт салыгы чогулганы **147** миң сом, аткарылышы **100%.**

2. **Айыл чарба**

   Айыл-чарба багытында 2023-жылдын жазгы айдап себүүдө 15 га буудай, 560 га арпа, сулуу-50га, картошка 77 га, жашылча 5 га,жүгөрү-15га,көп жылдык чөп 88 га жер тилкесине айдап себилди.
   Жергиликтүү дыйкандарга “Элдан” жана “Таза-жан” үрөн чарбасынан жазгы айдап себүүгө дотатциялык 36 т арпа , 500 кг-жүгөрү 74 жаранга дотатциялык үрөн алуга көмөк көрсөтүлдү.

   Мал чарбачылыгы боюнча; 2023-жылдын 01-январына карата айыл аймакта ийри мүйүздүу мал 4826 баш,анын ичинде саан уй баласы 2861, кой-эчки 11187 баш, жылкы 1799 баш, үй-канатуулары 4004 башты түздү.

   Ысык-Ата айыл аймагында ветеринардык адистер тарабынан аймактагы баардык мал-жандыктарды эмдөө иштери маал-маалы менен жүргүзүлүп турат.(Шарп,бруцеллез.туберкулез, кара сан,сибирь кулгунасы,ж.б. Жугуштуу оорулар боюнча кырдаал көзөмөлдөнүп турат.

   2023-жылы Ысык-Ата өнүктүрүү фондунан Алмалуу айылына суугат сууга лотокторду алууга долбоор жазылып, ийгиликтүү өткөн. Азыркы учурда тендердик документтер даярдалууда.